**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси**

# Биринчи курстун студенттери үчүн жол көрсөткүч

**Манас шаары 2025-жыл**

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**

## МАРШЫ

***Сөзү: Анарбай Райымкановдуку***

***Обону: Жусупаалы Масаитовдуку***

Илимпоз, доктор, жаратман,
ЖАМУдан чыккан абалтан,
Даанышман билим ордосу,
Далайга даңкы таралган.
Кыйыры толгон кесипкөй,
Кылымды жашап бараткан.

***Кайырма:***

*ЖАМУ келечек жашоо күзгүсү,*
*ЖАМУ заманбап таалим үлгүсү.*
*Дем кошуп турат демиме,*
*Жаштардын шаңдуу ыр-күүсү.*
*ЖАМУсуң окуу жайлардын,*
*Көрктү да, эң бир күчтүүсү.*

Көөнөрбөс билим булгым,
Көөдөндө дилим,тумарым.
Билимзар ЖАМУөзүңдөн,
Билимге канаар убагым.
ЖАМУ деп жазган оң колум,
Жүрөкө коюп турамын.

***Кайырма:***

*ЖАМУ келечек жашоо күзгүсү,*
*ЖАМУ заманбап таалим үлгүсү.*
*Дем кошуп турат демиме,*
*Жаштардын шаңдуу ыр-күүсү.*
*ЖАМУсуң окуу жайлардын,*
*Көрктү да, эң бир күчтүүсү.*

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**

## ГИМНИ

**Сөзү: А. Барпиевдики**

**Музыкасы: Т. Жумабаевдики**

Аалам чексиз Ай жылдызы көрүнүп,
Жашоо берип кереметы төгүлүп.
Ташкындаган деңиз болуп чалкыган
Илим кенчи университет түбөлүк

**Кайырма:**

Жаралгандай таң нурунан жылдыздан,
Жалал-Абад жер соорусу кыргыздын.
Жаркыраган жаштар шаары жашарып,
Күйгөн шамы университет турмуштун.

Акыл дайра билим менен өлчөнөт,
Асыл эмгек бийиктикке көкөлөп.
Илимпоздор ачылыштар жаратып,
Урпактары улам барат бөпөлөп.

**Кайырма:**

Жаштык сезим жан дүйнөмдөн жаралат,
Жылдар өтөт ойчул уулу алып калат.
Өркүндөй бер келечекке жол тартып,
Кыргызымдын ыйык салтын аркалап.

**ЖАМУнун миссиясы**

Республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө теориялык жана практикалык салым кошууга жөндөмдүү, жогорку квалификациялуу илимий жана кесиптик кадрларды даярдоо, дүйнөлүк атаандаштыкка багытталган адистерди өстүрүү болуп саналат.

**Жалал-Абад мамлекеттик университети** Кыргыз Республикасынын Президентинин 1993-жылдын 2-апрелиндеги Указы менен электроника, энергетика, курулуш, билим берүү тармактары боюнча, ошондой эле агроөнөржай комплекси үчүн базалык жана толук жогорку билимдүү адистерди даярдоого багытталган мамлекеттик окуу жай катары ачылган.

Университет төмөнкү билим берүү мекемелеринин базасында түзүлгөн:

- — Кара-Көл жана Таш-Көмүр шаарларындагы Кыргыз техникалык университетинин (мурунку ФПИ) кечки факультеттери,
- — Жалал-Абад зооветеринардык техникуму,
- — Жалал-Абад педагогикалык окуу жайы,
- — Майлуу-Суу электромеханикалык техникуму,
- — Кочкор-Ата электрондук приборлор техникуму



**Университеттин админстративдик корпусу**

**Спутник кичи району, Розы Азимов көчөсү-49.**

**Институттар жана колледждер:**

1. Э. Уметов атындагы Педагогикалык институт
2. Экономика жана укук институту
3. Агрардык-техникалык институт
4. Филология институту
5. Медициналык институт
6. Үзгүлтүксүз билим берүү институту
7. Конфуций институту
8. Таш-Көмүр институту
9. Кадрларды кесиптик өнүктүрүү институту
10. Жалал-Абад колледжи
11. Чет тилдер колледжи
12. Медициналык колледж
13. Экономика жана укук колледжи
14. Педагогикалык колледж
15. Кочкор-Ата колледжи
16. Аксый колледжи
17. Майлуу-Суу колледжи
18. Таш-Көмүр колледжи
19. Кара-Көл колледжи



**Медициналык жана агрардык техникалык институттары**

**Окуу корпусу**

**Спутник кичи району,Манас көчөсү, корпус №6–7**



**Экономика  жана укук институту**
**Филология институту**
**Экономика  жана укук колледжи**
**Спутник кичи району, Роза Азимов көчөсү- 49.**



**Адистерди кесиптик өнүктүрүү институту**
**Э.Уметов атындагы педагогикалык институту**
**Үзгүлтүксүз билим берүү институту**
**Спутник кичи району,Р.Азимов көчөсү-49**

**1.Колледждер:**




**Жалал-Абад колледжи**
**Окуу корпусу**
**Жалал-Абад шаары Токтогул көчөсү-16А**




**Жалал-Абад педагогикалык колледжи**
**Жалал-Абад чет тилдер колледжи**
**Окуу корпусу**
**Жалал-Абад шаары Токтогул көчөсү-16Б**




**Кочкор-Ата колледжи**
**Окуу корпусу**
**Кочкор- Ата шаары ,Транспортная көчөсү– 5**




**Аксы колледжи**
**Окуу корпусу**
**Кербен шаары, Т.Уметалиева-137**




**Майлуу-Суу колледжи**
**Окуу корпусу**
**Майлуу-Суу шаары ,Ленин көчөсү-80**

**Университетте студенттерге социалдык колдоо көрсөтүүчү кызматтар:**

1. **«Америка ордосу» ресурстук борбору** – студенттерге чет өлкөлүк ыктыярчылардын катышуусу менен англис тилин үйрөнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.
2. **Китепкана жана маалымат борбору** – билим берүү жана илим тармагындагы акыркы жаңылыктар менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет.
3. **Медициналык пункт** – студенттерди жана университет кызматкерлерин медициналык тейлөө менен камсыздайт.
4. **Санаторий-профилакторий** – медициналык кызматтар, терапиялык жардам, дарылоо физкультурасы, медициналык массаж, физиотерапия, ультрадыбыштык жана лабораториялык диагностика жүргүзөт.
5. **Мамлекеттик тил бөлүмү** – мамлекеттик тилде окуу-методикалык жана илимий адабияттарды түзүүдө консультация жана жардам көрсөтөт.
6. **Маданий-эстетикалык борбор** – университеттин социалдык жана маданий-массалык иш-чараларын уюштурат.
7. **«Ден соолук» спорт борбору** – дене тарбия жана спортту пропагандалоо, сергек жашоо образы менен факультеттер аралык мелдештерди өткөрүү менен алектенет.
8. **Жаштар комитети** – студенттерди, аспиранттарды жана жаш окутуучуларды бириктирген жаштар уюму, мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашырууга багытталган.

**Ресурстук борборлор, клубдар жана жаштар комитети** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин миссиясын ишке ашырууга жардам берет.

Бул университет Европа менен Азия мейкиндигинде уникалдуу жогорку окуу жай катары **маданият аралык байланышты өнүктүрүүгө**, **достукту сактоого** жана **терең чыдамкайлыкты (толеранттуулукту) калыптандырууга** багытталган.






ИЙГИЛИКТЕРИБИЗ











**Студенттер жатаканалары комплекси** төрт жатаканадан турат жана шаардан алыс келген студенттерди окуу мөөнөтү аралыгында убактылуу жашоо менен камсыз кылууга арналган.

| № | № корпусов | Адрес расположения |
|---|---|---|
| 1 | №1 жатакана | Жалал-Абад шаары ,Токтогул көчөсү- № 25 Телефон: (0322) 25741 |
| 2 | №2 жатакана | Жалал-Абад шаары Жеңижок көчөсү<br>Телефон: (0322) 22766 |
| 3 | №3 жатакана | Жалал-Абад шаары Дружба көчөсү-2<br>Телефон: (0322) 26709 |
| 4 | №4 жатакана | Жалал-Абад шаары Курманбек көчөсү-25 |

**Студенттерде  болуучу негизги документтер:**

Окуу жылынын биринчи жумасында деканат жана дирекция студенттерге **студенттик билетти** берет. Бул документ студенттин аталган жогорку окуу жайдын студенти экенин тастыктап турат. Студенттик билеттен тышкары студенттерге **окуу залынын (читательский) билети** жана **зачеттик китепче** да берилет.

**Студенттик билет**

Студенттик билетти алган соң, студент аны окуу бүткүчө сактап жүрөт. Эгер билетти жакшылап сактабастан жоготсо, мүмкүн болушунча тез арада калыбына келтирүүгө аракет кылышы керек. Студенттик билет ар бир окуу жылы узартылып турат. Билетті алуу үчүн деканат кызматкерлери жардам көрсөтөт.

**Читательский (окуу залынын) билет**

Читательский билет(окуу залынын билети) — бул **китепкана кызматтарын колдонууга укук берген жалгыз документ**. Студент окуу жана илимий адабияттарды китепкананын окуу залында да, абонементтен да пайдалана алат. Университеттин китепканасында интернет залдары бар жана эл аралык электрондук билим берүү ресурстарына жеткиликтүүлүк ачылган.

Бирдиктүү окуу залынын билети ар жыл сайын узартылып турат. Аны алуу үчүн китепкананын кызматкерлери жардам берет.

**Читательский билетти жана окуу китептерин кантип алуу керек?**

Б.Осмонов атындагы ЖАГУнун студенти болгондон кийин сиз **китепкана фонддорун жана маалымат кызматтарын колдонуу укугун** аласыз. Университеттин студенттери окуу программасында көрсөтүлгөн ар бир дисциплина боюнча негизги жана кошумча окуу-методикалык адабияттар менен камсыздалат.

Университеттин китепкана фонду **миллиондон ашуун китепти** камтыйт жана окуу пландарына ылайык бардык дисциплиналарды камтыйт.

Колледждердин жана факультеттердин студенттери **университеттин борбордук электрондук китепканасынын** кызматынан пайдалана алышат.

**Бирдиктүү окуу залынын билети** алуу үчүн:

- ЖАМУнун китепканасына барышыңыз;
- **Жеке күбөлүгүңүздүн оригиналын** көрсөтүңүз;
- **3x4 см көлөмүндөгү эки сүрөтүңүздү** тапшырыңыз.

Китепканага катталган учурда китепкана эрежелери менен таанышып, аларды сактоого милдеттенгендигиңизди **подпись менен** тастыкташыңыз керек. Бул негизде сизге **читательский билет берилет жана формуляр толтурулатКитепкананын иштөө убактысы**

- Дүйшөмбү – Шаршемби: 09:00 – 19:00
- Сессия учурунда: 09:00 – 20:00
- Дем алыш күнү: Жекшемби

**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде окуу процесси кредиттик технология менен жүргүзүлөт.**
Бул деген — ар бир окуу предметинин көлөмү **контакттык сааттарга** (лекциялар, практикалык/семинарлык, лабораториялык сабактар) жана студенттин **өз алдынча ишине** бөлүнөт. Өз алдынча иш окутуучу менен (СРСП) жана аудиториядан тышкары убакта аткарылат. Ар бир академиялык сааттын узактыгы 50 мүнөт болуп белгиленет.

**Негизги терминдер жана документтер**

- **Окуу планы** – тиешелүү билим деңгээли боюнча окуу дисциплиналардын тизмесин жана көлөмүн, аларды окуу тартибин көрсөтүүчү негизги документ.
- **Окуу программасы (силлабус)** – дисциплина тууралуу маалыматты камтыган программа: максаттары, милдеттери, темалары, окуу убактысы, өз алдынча иштөө тапшырмалары, адабияттар тизмеси, консультация убактысы, студенттердин билимин баалоо критерийлери жана эрежелери.
- **Кредит** – студенттин окуу ишинин көлөмүн өлчөө бирдиги.
- **Лекция** – окуу предметтери боюнча маанилүү маалымат булагы. Лекциялар студенттин негизги маселелерди түшүнүүсүнө жана өз алдынча ишин туура жолго коюуга багыт берет. Лекцияга кечикпей келүү керек, сабак учурунда мобилдик телефонду өчүрүү зарыл.
- **Практикалык сабактар** – кафедра, окуу корпустан жана аудиториядан өткөн сабактар. Биринчи практикалык сабакта окутуучу силлабус менен тааныштырат жана коопсуздук эрежелерин түшүндүрөт. Электрондук версиясын AVN системасынан же окутуучудан алса болот. Сабактарга даярданууда сунушталган окуу китептерин, лекция материалдарын жана Интернет ресурстарын колдонуу керек. Сабактарды жана өз алдынча ишти силлабуска ылайык аткаруу зарыл. Сабактарга себепсиз келбөө – тыюу салынат.
- **Студенттин өз алдынча иши (СРС)** – белгиленген темаларды өз алдынча окуу жана тесттер, эссе, реферат, отчет аркылуу баалоо.
- **Студенттин окутуучу жетекчилигинде өз алдынча иши (СРСП)** – окутуучу көзөмөлүндө аудиториядан тышкары жүргүзүлөт.
- **Промежуточная аттестация** – студенттердин окууну канчалык өздөштүргөнүн текшерүү максатында семестр соңунда жүргүзүлөт (экзамендер).
- **Итоговая государственная аттестация** – мамлекеттик стандартта каралган дисциплиналарды канчалык өздөштүргөндүгүн аныктоо.

**Окуу жылынын уюштурулушу**

1. Окуу жылы **1-сентябрда** башталып, **окуу процессинин графиги** боюнча жүргүзүлөт.
2. Ар бир академиялык саат лекция жана практикалык сабак менен өз алдынча ишке кошулат.
3. Окуу жылы академиялык мезгилдер, аралыктар, практика жана каникулдардан турат.
4. Академиялык мезгил 16-18 жумалык семестр түрүндө жүргүзүлөт. Бир жылда **2 семестр** бар.
5. Семестр соңунда студенттердин билим сапатын текшерүү үчүн экзамендер өткөрүлөт (сессия).
6. Окуу жылынын узактыгы – 34-36 жум, анын ичинен 30-32 жумасы теориялык сабактар, 4 жумасы – экзамендер.

7. Каникулдар жыл ичинде эки жолу (кыш жана жай) жалпы кеминде 7 жумалык мөөнөттө берилет. Так даталары академиялык календарга ылайык аныкталат.
8. Кошумча окуу, программалардагы айырмачылыктарды жоюу жана академиялык карыздарды жабуу үчүн **жайкы семестр** (4 жумга чейин) каралган.
9. Сабактар академиялык календарга ылайык жана бекитилген окуу планын аткаруу максатында жүргүзүлөт.

## Студенттин негизги милдеттери

1. Студенттер:
   - Сабактарды үзгүлтүксүз окуп, бардык тапшырмаларды мөөнөттө аткарышы керек;
   - Теориялык жана практикалык билимди терең өздөштүрүп, адистикке ылайык көндүмдөрдү үйрөнүшү зарыл;
   - Модулдук, рейтинговдук жана жыйынтык аттестацияларды мөөнөттө тапшырат;
   - Окуу графигин сактап, экзамендерди белгиленген убакта тапшырат;
   - Университеттеги жана коомдогу жүрүм-турум эрежелерин сактайт;
   - Жалпы маданият, адеп-ахлак жана физикалык көндүмдөрүн өркүндөтөт;
   - Сабактарга активдүү катышып, окуу жай жана жатакана турмушуна кам көрөт;
   - Окуу жайдын мүлкүн сактап, лабораториялык жана окуу жабдууларын уруксатсыз сыртка чыгарбоо керек;
   - Коопсуздук жана өрт коопсуздугу эрежелерин сактоого милдеттүү;
   - Университет формасын кийип, сабакта мобилдик телефондорду өчүрөт;
   - Коррупциялык көрүнүштөргө жол бербейт;
   - ЖАГУ уставын, этикалык кодексин жана жатакана эрежелерин сактайт;
   - Педагогикалык адистикти окуган бюджеттик студенттер милдеттүү жумушка жана бөлүштүрүүгө тартылат.
2. Себептүү себептер менен сабакка келе албаган студент деканатка кабар бериши жана биринчи күнү себебин документ менен ырасташы керек. Систематикалык себепсиз келбөө студенттин окуу жайдан чыгарылышына алып келет.
3. Окутуучулар жана жетекчилер аудиторияга киргенде студенттер туруп турушу керек.
4. Студенттер тартиптүү жана таза жүрүшү зарыл.
5. Ар бир группада **староста** дайындалып, кураторуна жана факультет деканатына баш ийет, тапшырмаларды аткарат.

## Студенттин укуктары

- Жакшы окуу, илимий жана коомдук иштерге активдүү катышуу үчүн сыйлыктар:
  - Рахмат каты;
  - Грамоталар жана баалуу белектер;
- Университеттин китепканасын акысыз колдонуу;
- AVN маалымат системасынан маалымат алуу;
- Илимий жана студенттик конференцияларга, олимпиадаларга катышуу;
- Университеттин коомдук жана маданий жашоосуна катышуу;
- Студенттик лидердикке катышуу;
- Креативдүү жана спорттук талантты өнүктүрүү;
- Университеттин жеңилдиктеринен пайдалану;
- Академиялык мобилдүүлүк программаларына катышуу;

- Күндүзгү студенттер КР аскер кызматынан бошотулат (Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча).

**Контракттык окуу жана төлөм**

Студенттер контракттык негизде окуса, төлөмдү банктын аркылуу жүргүзө алат:

- ИНН: 00204199310021
- Расчеттик эсеп: 4408011103002212
- Банк: Борбордук казначейство МФ КР, БИК: 440001
- ОКПО: 02169080
- Төлөм коду: 14232100 – окуу үчүн

Социалдык жактан муктаж студенттер жеңилдиктерге ээ (жолдошсуз, I жана II топтогу майыптар, спортчулар жана материалдык абалы оор студенттер).

**Медициналык жана тамактануу кызматтары**

- Студенттерге **медициналык пункт** акысыз кызмат көрсөтөт.
- Ар бир корпусунда **студенттик ашканалар** бар, иштөө убактысы: 08:00 – 17:00, баалары студенттерге ылайыктуу.

**Сабактардын уюштурулушу**

- Академиялык саат – 40-50 мүнөт.
- Эки сменалык режимде – 50 мүнөт.
- Сабактардын ортосундагы тыныгуу: 5 мүнөт, паралардын ортосунда – 10 мүнөт.

**Медициналык институт үчүн**:

- Академиялык саат – 40 мүнөт;

- Бир пара – 80 мүнөт (2 саат по 40 мүнөт);
- Паралардын ортосундагы тыныгуу – 20 мүнөт; биринчи парадан кийин – 5 мүнөт.